КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ ЖАНА ИННОВАЦИЯ МИНИСТРЛИГИ

С.НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
ПЕДАГОГИКА ФАКУЛЬТЕТИ

| “МАКУЛДАШЫЛДЫ” | “БЕКИТЕМИН” |
| --- | --- |
| Окуу бөлүмүнүн башчысы | Академиялык иштер боюнча проректору |
| __________ Ж.Ж.Усубалиева | __________ К.О. Өмүрөва |
| “5” 09 2025 г. | “5” 09 2025 г. |

# МЕКТЕП КҮНҮ ПЕДАГОГИКАЛЫК КӨНҮКТҮРҮҮ ПРАКТИКАСЫНЫН ПРОГРАММАСЫ

**Даярдоо багыты: Педагогика**
**Даярдоо профили: Башталгыч билим берүү**
**Бүтүрүүчүнүн квалификациясы: Бакалавр**

Нарын - 2025

1. Мектеп күнү педагогикалык көнүктүрүү практиканын программасы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан 2021-жылы бекитилген «Педагогика» даярдоо багыты боюнча ЖОЖдор үчүн мамлекеттик билим берүү стандартынын (МББС ЖКББ) талаптарына ылайык түзүлгөн.

Түзүүчүлөр: пед.и.к., доцент ____________________ Бектурова Э.О.

П.и.к., ага окутуучу ____________________ Асанкулова М.К.
(илимий даражасы, наамы) (колу) (аты-жөнү)

**2.** «Педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары» кафедрасынын жыйынында жактырылган
Протокол № ___ «____» __________ 2025-ж.

Кафедра башчысы: п.и.к., доцент ____________________ Бектурова Э.О
(илимий даражасы, наамы) (колу) (аты-жөнү)

**3.** Педагогика факультетинин жыйынында жактырылган
Протокол № 2 «4» сентябрь 2025-ж.

Декан: т.и.к., проф.м.а. ____________________ Эсеналиева Г.О.
(илимий даражасы, наамы) (колу) (аты-жөнү)

4. . Мектеп күнү педагогикалык көнүктүрүү практиканын программасынын материалдары «Педагогика жана башталгыч билим берүү» профили боюнча «Педагогика» даярдоо багытынын окуу планына жана МББС ЖКББ ТАЛАПТАРЫНА ТОЛУГУ МЕНЕН ШАЙКЕШ КЕЛЕТ.

Окуу бөлүмдүн башчысы___________ Жусупбекова А.Т.

**5.** Адаптациялык-педагогикалык практиканын программасы НМУнун окуу-методикалык кеңеши тарабынан ЖАКТЫРЫЛГАН
Протокол № 1 «05» сентябрь 2025-ж.

НМУ ОМКнын төрайымы ____________________ Омурова К.О.

## 1. ПРАКТИКАНЫН МАКСАТЫ

Мектеп күнү педагогикалык көнүктүрүү практиканын максаты — студенттерди башталгыч билим берүү уюмдарындагы окуу-тарбия процессинин мазмуну жана уюштурулушу менен тааныштыруу, педагогикалык ишмердүүлүккө болгон кызыгуусун арттыруу жана баштапкы практикалык көндүмдөрдү калыптандыруу болуп саналат.

## 2. ПРАКТИКАНЫН МИЛДЕТТЕРИ

Практиканын негизги милдеттери:

• Башталгыч билим берүүдө окутуу процессинин өзгөчөлүктөрү менен таанышуу;

• Ар кандай курактагы окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу формаларын үйрөнүү;

• Мугалимдин кесиптик ишмердүүлүгүн байкоо аркылуу педагогикалык анализ жүргүзүү көндүмдөрүн калыптандыруу;

• Окуу жана тарбия иштерин уюштурууга катышуу аркылуу баштапкы практикалык тажрыйба алуу;

• Студенттердин кесиптик өзүн-өзү аныктоо процессин өнүктүрүү.

## 3. ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРАКТИКАНЫН НББП ТҮЗҮМҮНДӨГҮ ОРДУ.

Практика — бул студенттер окуу процессинде алган теориялык жана практикалык билимдерин бекемдөөгө, ошондой эле тандалган даярдоо багыты боюнча практикалык көндүмдөрдү жана жөндөмдөрдү өздөштүрүүгө жана өркүндөтүүгө багытталган окуу ишмердүүлүгүнүн бир түрү болуп саналат.

Мектеп күнү педагогикалык көнүктүрүү практика «Педагогика» даярдоо багыты боюнча бакалавриат программасынын ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет жана экинчи курста өткөрүлөт.

Мектеп күнү педагогикалык көнүктүрүү практиканы ийгиликтүү өтүү үчүн студенттерге төмөнкү дисциплиналарды өздөштүрүү процессинде калыптанган билимдер, жөндөмдөр жана көндүмдөр зарыл:

- «Психология 1,2»
- «Педагогика 1,2»
- « Курактык анатомия, физиология жана гигиена»
- «Өмүр коопсуздугу (БЖД)»

Мектеп күнү педагогикалык көнүктүрүү практиканы өтүү үчүн кирүүчү талаптар катары студенттерде жогоруда аталган дисциплиналарды окуунун жыйынтыгында калыптанган компетенциялардын болушу талап кылынат.

| Код | дисциплина | Семестр | кредит | калыптандырылган компетенциялар |
|---|---|---|---|---|
| Б 1.3.1 | Психология 1,2, | 1,2,3 | 10 | КК-1 КК-11 |
| Б 1.3.2 | Педагогика 1,2, | 1,2,3 | 10 | КК-1 КК-2 |
| Б.1.3.3 | Курактык анатомия, физиология жана гигиена | 3 | 2 | КК-9 ,КК-11 |
| Б.1.3.4 | Өмүр коопсуздугу | 3 | 2 | СИМК-1, КК-3 |

## 4. АДАПТАЦИЯЛЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРАКТИКАНЫН ТҮРЛӨРҮ ЖАНА ӨТКӨРҮҮ ЫКМАЛАРЫ »

Мектеп күнү педагогикалык көнүктүрүү практиканын өткөрүү ыкмасы — **байкоо жүргүзүүчү (наблюдательный) мүнөздө** болуп саналат.

Мектеп күнү педагогикалык көнүктүрүү практика жалпы билим берүү уюмдарында (мектептерде), ошондой эле башталгыч билим берүү мекемелеринде өткөрүлөт. Практика окуу планына ылайык уюштурулуп, белгиленген билим берүү уюмдарынын базасында жүргүзүлөт. Практиканын өткөрүлүү мөөнөтү окуу графигине ылайык аныкталат жана, адатта, 1-курста, 2-семестрде ( 4 кредит 120 саат**)**, 2-курста 4-семестрде **(**4 кредит 120 саат) көлөмүндө жүргүзүлөт.

Практика өткөрүлүүчү базалар катары шаардагы жалпы билим берүүчү мектептер (№1, №4, №7, №8 орто мектептер ж.б.) пайдаланылат.

| Практиканын түрү | Билим берүү уюмунун аталышы | Класс-комплект | Келишим мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| Мектеп күнү педагогикалык көнүктүрүү практика | №1 сш г.Нарын | 12 | 2025-2030 ж. |
| | №4 сш г.Нарын | 4 | 2025-2030 ж. |
| | №7 сш г.Нарын | 4 | 2025-2030 ж. |
| | №8 сш г.Нарын | 12 | 2025-2030 ж. |

## 5. МЕКТЕП КҮНҮ ПЕДАГОГИКАЛЫК КӨНҮКТҮРҮҮ ПРАКТИКАНЫ ӨТҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫГЫНДА СТУДЕНТТЕРДЕ КАЛЫПТАНУУЧУ КОМПЕТЕНЦИЯЛАР

Практиканы өздөштүрүүнүн натыйжасында төмөнкү компетенциялар калыптанат:

- ✓ КК-6. Окуу сабактарын жана тарбия иштерин пландоо, окуу процессин уюштуруу жөндөмдүүлүгү;
- ✓ КК-7. Кесиптик рефлексия жүргүзүү жана өзүн өнүктүрүү милдеттерин коюу жөндөмдүүлүгү;
- ✓ КК-10. Билим алуучулар, мугалимдер жана ата-энелер менен кызматташуу жана өз ара аракеттенүү жөндөмдүүлүгү.

| | Педагогикалык практикада калыптанууга тийиш болгон окуу натыйжалары | Компетенциялар |
|---|---|---|
| **1** | **Билет:**<br>– окуу процессинин түзүмүн, сабактын түрлөрүн жана этаптарын;<br>– окутуунун максаттарын, принциптерин жана методдорун;<br>– башталгыч билим берүү программаларынын мазмунун жана талаптарын;<br>– тарбия иштерин уюштуруунун формаларын жана ыкмаларын.<br><br>**Жасай алат:**<br><br>– окуу сабактарын жана тарбия иштерин пландаштыруу;<br>**– окуу процессин окуучулардын курактык жана жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен уюштуруу;**<br>– сабактын максатын туура коюп, мазмунун жана методдорун тандоо;<br>**– окуучулардын активдүүлүгүн камсыз кылуу жана окуу процессин эффективдүү башкаруу.**<br><br>**Ээ болот:**<br><br>**– сабактын план-конспектин түзүү көндүмдөрүнө;**<br>– окутуунун заманбап методдорун жана технологияларын колдонуу тажрыйбасына;<br>**– окуу жана тарбия иштерин уюштурууда практикалык көндүмдөргө;**<br>– окуу процессин талдоо жана рефлексия жүргүзүү ыкмаларына. | **КК-6**<br><br>Окуу сабактарын жана тарбия иштерин пландоо, окуу процессин уюштуруу жөндөмдүүлүгү; |
| 2 | **Билет:**<br>– педагогикалык рефлексиянын маңызын, түрлөрүн жана ролун;<br>– кесиптик өнүгүүнүн негизги этаптарын жана принциптерин;<br>– өзүн-өзү баалоо жана өзүн-өзү өнүктүрүү ыкмаларын;<br>**– мугалимдин кесиптик ишмердүүлүгүнө коюлуучу талаптарды.**<br><br>**Жасай алат:**<br>– өзүнүн педагогикалык ишмердүүлүгүнө анализ жүргүзүү;<br>– жетишкендиктерин жана кемчиликтерин аныктоо;<br>– кесиптик өсүү үчүн максаттарды жана милдеттерди коюу;<br>**– өзүн-өзү өнүктүрүү боюнча пландарды түзүү жана ишке ашыруу.**<br><br>**Ээ болот:**<br>– педагогикалык рефлексия жүргүзүү көндүмдөрүнө;<br>**– өз ишмердүүлүгүн баалоо жана оңдоо ыкмаларына;** | **КК-7**<br>Кесиптик рефлексия жүргүзүү жана өзүн өнүктүрүү милдеттерин коюу жөндөмдүүлүгү; |

| | | |
|---|---|---|
| | **– өзүн-өзү өнүктүрүү стратегияларын колдонуу тажрыйбасына;**<br>– үзгүлтүксүз кесиптик өсүүгө багытталган компетенцияларга. | |
| 3 | **Билет:**<br>**– педагогикалык баарлашуунун негиздерин жана принциптерин;**<br>**– билим берүү процессиндеги субъекттердин (окуучу, мугалим, ата-эне) ролдорун;**<br>**– эффективдүү коммуникациянын формаларын жана ыкмаларын;**<br>**– ата-энелер менен иштөө формаларын жана педагогикалык кызматташтыктын маанисин.**<br><br>**Жасай алат:**<br>– окуучулар, мугалимдер жана ата-энелер менен конструктивдүү баарлашуу;<br>– биргелешкен иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү;<br>– конфликттик кырдаалдарды жөнгө салуу жана туура чечим кабыл алуу;<br>– окуучулардын өнүгүүсү боюнча ата-энелер менен өз ара байланыш түзүү.<br><br>**Ээ болот:**<br>– коммуникативдик көндүмдөргө жана маданияттуу баарлашуу ыкмаларына;<br>– педагогикалык кызматташтыкты уюштуруу тажрыйбасына;<br>– командалык иш жүргүзүү көндүмдөрүнө;<br>– педагогикалык өз ара аракеттенүүнүн эффективдүү технологияларына. | **КК-10**<br><br>Билим алуучулар, мугалимдер жана ата-энелер менен кызматташуу жана өз ара аракеттенүү жөндөмдүүлүгү. |

## 6. МЕКТЕП КҮНҮ ПЕДАГОГИКАЛЫК КӨНҮКТҮРҮҮ ПРАКТИКАНЫН ТҮЗҮМҮ ЖАНА МАЗМУНУ

Мектеп күнү педагогикалык көнүктүрүү практика башталгыч класстар боюнча бакалаврларды даярдоодо студенттердин атайын компетенцияларын жана кесиптик-инсандык сапаттарын калыптандырууга багытталган окуу ишмердүүлүгүнүн бир түрү болуп саналат. Практиканын мөөнөттөрү кыскартылган шартта, келечектеги мугалимдердин өз алдынча билим алуусуна жана өзүн-өзү тарбиялоосуна өбөлгө түзө турган натыйжалуу формаларды, ыкмаларды жана каражаттарды колдонуу зарылдыгы келип чыккан.

Мектеп күнү педагогикалык көнүктүрүү практика төмөнкүлөргө багытталат:

- ✓ студенттерди билим берүү уюмдарындагы окуу процессинин уюштурулушу менен тааныштыруу;
- ✓ предмет боюнча окуу программаларын, окуу китептерин жана окуу-методикалык колдонмолорду изилдөө;
- ✓ сабактарга катышуу учурунда окутуу процессин (мугалимдин ишмердүүлүгүн) жана окуу процессин (окуучулардын ишмердүүлүгүн) байкоо.

Мектеп күнү педагогикалык көнүктүрүү практика учурунда студенттер:

1. билим берүү уюму, андагы окуу процессинин жалпы уюштурулушу, башталгыч класстар үчүн окуу программалары жана окуу китептери менен таанышышат;
2. башталгыч класстардагы сабактарга катышуу аркылуу мугалимдин кесиптик ишмердүүлүгүн жана окуучулар жамаатын байкашат, байкоонун жыйынтыктарын эркин формада каттап турушат.

Окуу процессине багытталган максаттуу байкоо студенттерге келечекте «Педагогика», «Психология», «Башталгыч билим берүүнүн окутуу методикасы» сыяктуу окуу дисциплиналарын тереңирээк жана аң-сезимдүү өздөштүрүүгө жардам берет. Мындан тышкары, байкоо жүргүзүү методикасын өздөштүрүү илимий изилдөөнүн бир ыкмасы катары педагогикалык көрүнүштөргө изилдөөчүлүк мамилени калыптандырууда жана болочок мугалимдердин чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүдө маанилүү орунду ээлейт.

## 7. ПРАКТИКА УЧУРУНДА СТУДЕНТТЕРДИН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШИН КАМСЫЗ КЫЛУУ БОЮНЧА МЕТОДИКАЛЫК СУНУШТАР

### Башталгыч класстарда сабакка катышууда байкоо жүргүзүүнүн үлгүлүү планы

1. Класс. Сабактын темасы.
2. Сабакка даярдык (тактанын жасалгасы, окуучулардын иш орунунун абалы, окуучулардын сабакка даярдыгы ж.б.).
3. Үй тапшырмасын текшерүүнүн ыкмалары.
4. Окуучуларды жаңы тема менен тааныштыруу ыкмалары, жаңы материалды түшүндүрүүнүн тандалган формасынын окуучулардын курактык жана интеллектуалдык өзгөчөлүктөрүнө шайкештиги.
5. Көндүмдөрдү жана билгичтиктерди калыптандыруу ыкмалары; көнүгүүлөрдү тандоодо жөнөкөйдөн татаалга өтүү, жамааттык иш формаларынан өз алдынча ишке өтүү принциптеринин эске алынышы; ар түрдүү көнүгүүлөрдүн колдонулушунун максатка ылайыктуулугу.
6. Үй тапшырмасынын мүнөзү жана көлөмү.
7. Сабактын жыйынтыгын чыгаруу ыкмасы.
8. Сабакта жетишилген окуучулардын теориялык билим деңгээли жана практикалык көндүмдөрү.
9. Сабак учурунда окуучулардын ишин эсепке алуу жана баалоо формалары.
10. Таратма материалдардын, көргөзмө куралдардын жана окутуунун техникалык каражаттарынын колдонулушу.
11. Сабактын темпи.
12. Сабактагы эмоционалдык атмосфера, мугалим менен окуучулардын өз ара мамилесинин стили.

13. Башталгыч класстардын мугалиминин методикалык жана психологиялык-педагогикалык даярдыгынын деңгээли.

## 8. МЕКТЕП КҮНҮ ПЕДАГОГИКАЛЫК КӨНҮКТҮРҮҮ ПРАКТИКА БОЮНЧА ОТЧЕТТУК ДОКУМЕНТАЦИЯСЫ

Мектеп күнү педагогикалык көнүктүрүү практика боюнча студенттердин отчеттук документациясы **күндөлүктү жана отчетту** камтыйт.

Күндөлүктө студент-практикант Мектеп күнү педагогикалык көнүктүрүү практика программасын аткаруунун жүрүшүн кыскача чагылдырат:

1. педагогикалык практика боюнча уюштуруучулук-методикалык жыйындарга катышуусу
2. жалпы орто билим берүү уюму менен таанышуусу;
3. белгилүү бир класс үчүн башталгыч класстардын окуу программаларын жана окуу китептерин талдоосу;
4. сабактарга катышуусу жана мугалимдин жана окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн байкоосу;
5. байкоонун жыйынтыктарын каттоосу ж.б.

Күндөлүк факультеттин деканы тарабынан кол коюлуп бекитилет.

Отчетто студент тарабынан жүргүзүлгөн байкоолордун жыйынтыктары баяндалат:

1. практика өткөн билим берүү уюму жөнүндө кыскача жалпы маалымат берилет;
2. байкоо жүргүзүлгөн класс тууралуу маалымат көрсөтүлөт;
3. башталгыч класстардагы сабактарга катышуу учурунда алынган байкоолор эркин формада баяндалат;
4. практика өткөрүүнү жана уюштурууну жакшыртуу боюнча сунуштар берилүүсү мүмкүн.
5. Отчет студенттин өзү жана практика жетекчиси тарабынан кол коюлат. Мектеп күнү педагогикалык көнүктүрүү практиканын отчетун тариздөөнүн үлгүсү тиркемеде берилет.

## 9. МЕКТЕП КҮНҮ ПЕДАГОГИКАЛЫК КӨНҮКТҮРҮҮ ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРАКТИКАНЫН ЖЫЙЫНТЫГЫН ЧЫГАРУУ

Мектеп күнү педагогикалык көнүктүрүү практиканын жыйынтыгында студенттер төмөнкүлөргө ээ болушу керек:

1. Башталгыч билим берүү уюмдарындагы окуу процессинин мазмуну жана аны уюштуруунун негизги формалары жөнүндө жалпы түшүнүккө ээ болуу;
2. Максаттуу байкоо жүргүзүү процессинде башталгыч класстардын мугалиминин ишиндеги оң тажрыйбаларды байкап, аларды талдап түшүнө билүү, алынган билимдерди кийин башталгыч дисциплиналарды окууда, психологиялык-педагогикалык дисциплиналарды өздөштүрүүдө жана 4-курста өтүлүүчү педагогикалык преддипломдук практикада колдонуу.

Практиканын жыйынтыктарын баалоо үчүн төмөнкү ыкмалар колдонулат:

1. педагогикалык практика учурунда студенттерди байкоо;

2. студенттердин документациясын (практика күндөлүгүн жана отчетторун) талдоо.

Практика аяктагандан кийин бир жуманын ичинде кафедра тарабынан дайындалган практика жетекчиси, программада каралган милдеттүү отчеттук документтер толук болгон шартта, студенттерден дифференцияланган зачет кабыл алат. Ал зачеттун жыйынтыктарын экзамендик ведомостько жана студенттердин зачеттук китепчелерине киргизет, ошондой эле студенттердин отчеттук документтерин кафедрага тапшырат.

Практика программасын аткарбаган же дифференцияланган зачет тапшырууда канааттандырарлык эмес баа алган студент окуудан бош убактысында практиканы кайра өтүүгө жөнөтүлөт.

## 10. МЕКТЕП КҮНҮ ПЕДАГОГИКАЛЫК КӨНҮКТҮРҮҮ ПРАКТИКАДА БИЛИМ АЛУУЧУЛАРДЫН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШИН ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК КАМСЫЗДОО «ПЕДАГОГИКА 1» ДИСЦИПЛИНАСЫ БОЮНЧА СУРООЛОРУ

1. Педагогикалык процесстин жалпы мүнөздөмөсү
2. Окутуунун жана тарбиялоонун максаттары
3. Педагогикалык маданият жана этика
4. Педагогикалык ишмердүүлүктө колдонулуучу окутуу жана тарбиялоо методдору жана ыкмалары
5. Келечектеги мугалимдин педагогикалык маданиятын өнүктүрүү. Эрудиция
6. Билим берүү процессиндеги мугалимдин жана окуучунун ишмердүүлүгү
7. Окутууну уюштуруунун формалары жана методдору
8. Сабак жана анын түзүмү
9. Дидактикалык принциптер
10. Тарбиялоонун принциптери

«Психология 1» дисциплинасы боюнча көзөмөл суроолору

1. Жаш курактык өнүгүү психологиясынын көйгөйлөрү
2. Кенже мектеп окуучусунун эмгек жана окуу ишмердүүлүгү
3. Кенже мектеп окуучуларынын индивидуалдык өзгөчөлүктөрү
4. Жогорку класстын окуучусунун инсандык өзгөчөлүктөрү
5. Инклюзивдүү билим берүү
6. Тарбия процессиндеги жамааттын ролу
7. Кенже мектеп окуучуларынын жаш курактык жана индивидуалдык өзгөчөлүктөрү
8. Кенже мектеп окуучусунун психологиясы
9. Өспүрүмдөрдүн психологиясы
10. Окутуу жана тарбиялоо психологиясы

«Курактык анатомия, физиология жана гигиена» дисциплинасы боюнча көзөмөл суроолору

1. Бул предмет боюнча билимдердин педагогдун кесиптик ишмердүүлүгүндөгү мааниси
2. Окуучулардын физикалык өнүгүүсүнүн абалы жана аны аныктоо методдору
3. Шарттуу рефлекстердин жаш курактык өзгөчөлүктөрү: түзүлүү ылдамдыгы, көлөмү жана туруктуулугу. Багыттоочу рефлекс — шарттуу рефлекстердин пайда болушунун негизи катары. Жаш куракка жараша өзгөрүүсү. Тамактануу, изилдөө жана оюн ишмердүүлүктөрүнүн ролу

4. Шарттуу рефлекстердин тормоздолушу жана анын түрлөрү. Балдардагы өзгөчөлүктөрү. Шарттуу тормозду калыптандыруу — тарбиялоонун физиологиялык негизи катары

5. Ар кандай жаш куракта шарттуу рефлекстердин убакытка байланыштуу өзгөчөлүктөрү. Окуучунун күн тартиби. Күн тартибинин физиологиялык-гигиеналык негиздемеси

6. Мектеп режими жана анын негизги компоненттери. Сабактардын, факультативдердин жана класстан тышкаркы иш-чаралардын расписаниесин түзүүдөгү гигиеналык талаптар

7. Сабакты уюштуруудагы жана өткөрүүдөгү гигиеналык талаптар. Ар кандай жаштагы окуучулар үчүн үй тапшырмасынын көлөмүнүн нормалары

8. Мектеп окуу китептерине, окуу куралдарына жана жазуу каражаттарына коюлуучу гигиеналык талаптар

9. Окуу жайларын жабдууга (парта, отургуч, такта, шаймандар ж.б.) коюлуучу гигиеналык талаптар. Компьютердик класстарда иштөөгө коюлуучу талаптар

10. Микроклимат. Ден соолукту сактоодо аба чөйрөсүнүн ролу. Класстагы аба режимине коюлуучу гигиеналык талаптар. Балдар жана өспүрүмдөр арасында дем алуу органдарынын ооруларын алдын алуу

## 11. ОРТО АРАЛЫК АТТЕСТАЦИЯНЫН ФОРМАЛАРЫ (ПРАКТИКАНЫН ЖЫЙЫНТЫГЫ БОЮНЧА)

Практиканы өтүүнү контролдоонун формасы — **дифференцияланган зачет**, ал теориялык окутуудагы бааларга теңештирилет. Педагогикалык практика боюнча билим алуучулардын орто аралык жана жыйынтык аттестациясын өткөрүү үчүн баалоо каражаттарынын фонду колдонулат. Практика учурунда студенттин ишине **жетекчинин пикиринде (мүнөздөмөсүндө)** беш баллдык система боюнча баа берилет.

**Баалоо критерийлери: «эң жакшы» (отлично)** — студент практика программасын толук аткарса, берилген тапшырмаларды ийгиликтүү аткарса, зарыл болгон компетенцияларды калыптандырса жана практика күндөлүгүн кылдат жүргүзсө;

**«жакшы» (хорошо)** — практиканын негизги милдеттери аткарылган, бирок айрым кемчиликтер бар болсо. Тактап айтканда, студент кээде жетиштүү деңгээлде жоопкерчилик жана тактык көрсөтпөсө, практика күндөлүгүн убагында толтурбаса;

**«канааттандырарлык» (удовлетворительно)** — жеке план жана практика программасынан олуттуу четтөөлөр бар болсо, компетенциялар жарым-жартылай калыптанса, практика күндөлүгү үзгүлтүксүз жүргүзүлбөсө;

**«канааттандырарлык эмес» (неудовлетворительно)** — студент негиздүү себепсиз практика программасын аткарбаса.

Практика программасын жүйөлүү себептер менен аткара албаган студенттер окуудан бош убактысында практиканы кайра өтүүгө жөнөтүлөт. Орто аралык аттестация студенттер үчүн практика өткөн уюмдагы жетекчинин баасы менен зачет түрүндө жүргүзүлөт. Практика боюнча жыйынтык аттестацияны коюуда орто аралык баадан тышкары студенттин практика боюнча отчетту жазуу жана тариздөө талаптарын аткаруусу, ошондой эле отчетту коргоо талаптарын аткаруусу да эске алынат. Жыйынтык баа практика жетекчиси тарабынан коюлган баадан бир баллга жогору же төмөн болушу мүмкүн.Педагогикалык практика боюнча баа ведомостько кафедра тарабынан дайындалган практика жетекчисинин колу менен коюлат.

## 12. ОТЧЕТТУ ДАЯРДООНУН ЭРЕЖЕСИ

Практика боюнча отчет **А форматтагы барактарда (барактын бир тарабында)** басылып чыгарылган түрдө тапшырылат. Текст **Times New Roman шрифтинин 14 өлчөмүндө**, **1,5 интервал менен** терилет. Шрифттин түсү — кара.

Барактын талааларынын өлчөмдөрү:
– жогорку — 20 мм;
– төмөнкү — 20 мм;
– оң — 20 мм;
– сол — 20 мм.

Текстте маанилүү терминдерге көңүл буруу үчүн компьютердик мүмкүнчүлүктөрдү (бөлүп көрсөтүү, курсив ж.б.) колдонууга уруксат берилет. Отчеттун көлөмү **3-4 беттен** турушу керек. Отчеттун негизги бөлүгү бөлүмдөргө, бөлүмчөлөргө жана пункттарга бөлүнүшү мүмкүн. Текстти пункттарга бөлүүдө ар бир пункт толук, жыйынтыкталган маалыматты камтышы зарыл. Бөлүмдөр жана пункттар араб цифралары менен номерленет жана абзацтан баштап жазылат. Бөлүмдөр бүт текст боюнча ирээттик номерге ээ болушу керек (тиркемеден башка). Мисалы: **1, 2, 3 ж.б.** Бөлүмчөнүн же пункттун номери бөлүмдүн номеринен жана анын ичиндеги ирээттик номерден турат жана чекит аркылуу бөлүнөт: **1.1, 1.2, 1.3 ж.б.** Бөлүмдүн, бөлүмчөнүн же пункттун номеринен кийин текстте чекит коюлбайт. Барактар барактын төмөн жагынын ортосуна номерленет.Титулдук барак номерленбейт, кийинки барак **2-номер** менен башталат. Иллюстрациялар (сүрөттөр, графиктер, схемалар, компьютердик басылмалар, диаграммалар, фотосүрөттөр) жана таблицалар текстте биринчи жолу айтылган жерден кийин же кийинки баракта жайгаштырылат. Көлөмдүү иллюстрациялар жана таблицаларды **тиркемелерге** чыгаруу максатка ылайыктуу.

## 13. МЕКТЕП КҮНҮ ПЕДАГОГИКАЛЫК КӨНҮКТҮРҮҮ ПРАКТИКАНЫН ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК ЖАНА МААЛЫМАТТЫК КАМСЫЗДАЛЫШЫ

**Негизги адабияттар:**

1. Сластенин В.А. и др. Педагогика Учеб. пособие для студ. высш. пед. учеб. заведений / В. А. Сластенин, И. Ф. Исаев, Е. Н. Шиянов; Под ред. В.А. Сластенина. - М.: Издательский центр "Академия", 2013. - 576 с.
2. Зеер, Э.Ф. Психология профессий: учебное пособие для студентов вузов / Э.Ф. Зеер. – 2-е изд., перераб., доп. – М.: Академический Проект; Екатеринбург: Деловая книга, 2003. – 336 с.
3. Маркова, А.К. Психология профессионализма / А.К. Маркова. – М.: Международный гуманитарный фонд «Знание», 1996. – 312 с.
4. Психология и педагогика: учебное пособие для студ. высш. учеб. заведений / В.А. Сластенин, В.П. Каширин. – 4-е изд., стереотип. – М.: Издательский центр «Академия», 2006. – 480 с.
5. Реан, А.А. Психология адаптации личности. Анализ. Теория. Практика / А.А. Реан, А.Р. Кудашев, А.А. Баранов. – СПб.: Прайм-Евро знак, 2006. – 479 с.
6..Макмутов М.И. Теория и практика проблемного обучения.
7. 10-модуль Башталгыч класстардын окуучуларынын окуу к нд мд р н калыптандырууга ата-энелерди жана коомчулукту тартуу .Мектеп өкүлдөрү үчүн колдонмо. КББжанаИМ 07eb8fc7-db7f-407a-b0dd-17d8a04e58ef PDF (edu.gov.kg)

## 14. ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРАКТИКАНЫН МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК КАМСЫЗДАЛЫШЫ

Педагогикалык практиканы өтүү төмөнкү материалдык-техникалык каражаттарды колдонууну талап кылат:

1. Практиканын күндөлүгү
2. Студенттин практика боюнча портфолиосу
3. Башталгыч билим берүү боюнча  окуу китептери
4. Көргөзмө куралдар
5. Интерактивдүү такта, Проектор, экран
6. Класстык  журнал
7. Окуучулардын күндөлүктөрү
8. Сүрөттөр (фотоматериалдар)
9. Презентация
10. Педагогикалык практика боюнча отчет